**Сын-Таш айылынын К.Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин “Улут байлыгы –тил,чет тил,орус тил жана көркөм өнөр,технология,музыка,дене тарбия сабактары боюнча усулдук бирикмесинин ”**

## Окууну начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн иш пландары



| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Класстагы окуучулардын билим деңгээлин аныктоо максатында контролдук иштерди алуу | сентябрь | предметтик мугалим |
| 2 | Окуучунун сабактан жетише албагандыгынын себебин аныктоо учун класс жетекчиси, ата-энеси жана окуучунун өзү менен сүйлөшүү | жыл бою | предметтик мугалим |
| 3 | Окуучунун предметтен окуу программасын өздөштүрө алуусуна жетишүү үчүн индивидуалдык план түзүү | жыл бою | предметтик мугалим |
| 4 | Сабакта начар окуган окуучуларга дифференцирленген тапшырмаларды берүү | жыл бою | предметтик мугалим |
| 5 | Окуучунун предмет боюнча жазган дептерин текшерип туруу | жыл бою | предметтик мугалим |
| 6 | Сабактан тышкаркы учурларда окуучуга жекече тапшырмаларды берүү | жыл бою | предметтик мугалим |

Окууда жетишпеген балдар менен иштөө

Максаты:

1.Окуучулардын билим алуусунун денгээлин көтөрүү;
2.Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
3. Ата-энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын-алуу;
Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

Начар окуган окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар

.Окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
.Начар окуган окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстуу иштерди жүргүзүү : сабактан тышкаркы учурда иштөө, ата-энеси менен сүйлөшүү, сабак учурунда иштөө.
Класстан тышкаркы иш-чараларга тартуу;
4. Коомдук иштерге катыштыруу ж.б.

Окуучунун окуудан начарлоосунун себеби ар кандай болушу мумкун.
Ар бир эле окуучу жакшы окуганды каалайт . Кээ бир учурларда сабактардан эки алып калганда бала окууга болгон кызыгы тарап, кээде ал сабакка катышпай да койгон кездер болот. Жыйынтыгында тартиби дагы начарлайт. Сабактан начар окуган бала өзүндөй болгон башка дагы бир начар окуган бала менен достошот, себеби жакшы окуган окуучунун жанында ал өзүн ылдый сезиши мумкун.
Окуудагы жетишпөө — бул окуучунун окуу программасын канааттандыраарлык денгээлде өздөштүрө албоосу. Анын себеби үй-бүлөнүн социалдык абалына жараша дагы болот. Башкача айтканда үй-бүлөдө балага билим берүүгө көңүл бурулбай кеткенде болушу мумкун. Ата-энелер үйдөн баласынын окуусуна көңүл буруп, тапшырмасын аткаруусуна жардам берип, мектеп менен тыгыз байланышта болсо, мындай проблема аз болмок. Мугалим окуучуларды предметине кызыктыра алуусу, ар кандай интерактивдуу методдорду колдонуусу дагы сабактын эффективдүүлүгүн жогорулатып начар окуган окуучулардын предметке болгон кызыгуусу артып окууга көңүл бура баштайт.

Начар окуган окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдетгери:
Класс жетекчи классындагы окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныкташы керек. Ал үчүн жекече аңгемелешип, мектептин психологуна кайрылып, ата-энеси менен аңгемелешип ар кандай иш-аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл. Баланын сабактардан жетише албай, начар окугандыгынын себеби:
Сабактарды көп калтыруусу;
Үйдөн тапшырмаларды аткарууда ата-эне тарабынан контролдун жоктугу
Жөндөмсүздүгү
Окууга болгон кызыгуунун жоктугу
Тапшырманын көптүгү
Мугалим тарабынан окуучуну баалоонун объективдүү эместиги